УДК: 378.1 (575.2) (043.03)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2021-2(2)-76-82

**Карабалаева Г.Т., Асаналиева Ч.Н.**
Педагогика илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Жогорку мектептин педагогикасы кафедрасы, профессор,
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, филологиялык жана социалдык-экономиялык билим берүү кафедрасы, улук окутуучу
**Карабалаева Г.Т., Асаналиева Ч.Н.**
Доктор педагогических наук, профессор, кафедра педагогики Высшей школы, Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына,
Старший преподаватель, кафедра филологического и социально - экономического образования, Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына
**Karabalaeva G.T., Asanalieva Ch.N.**
Doctor of Pedagogical Sciences, Professor, Department of Higher School Pedagogy, Kyrgyz National University named after J. Balasagyn,
Senior Lecturer, Department of Philological and Socio-Economic Education, Kyrgyz National University named after J. Balasagyn

# КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК- АР КАНДАЙ ИЛИМДЕРДИН ИЗИЛДӨӨ ОБЪЕКТИСИ
# ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ КОМПЕТЕНТНОСТЬ – ОБЪЕКТ ИЗУЧЕНИЯ (ИССЛЕДОВАНИЯ) РАЗЛИЧНЫХ НАУК
# PROFESSIONAL COMPETENCE - RESEARCH OBJECT IN VARIOUS SCIENCES

**Аннотация:** Бул макалада педагогдун кесиптик компентенттүүлүгү түшүнүгүн аныктоодо көптөгөн илимий изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде чагылдырылган аныктамаларга таяндык. Мындай кадам бизге педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү - бул инсандын кесиптик сапаттарын мүнөздөгөн, табигый кесиптик шарттарда кесиптик ишмердүүлүктү жемиштүү иш жүзүнө ашырууга жана өз кесибинде өзүнүн алган билимин, тажырыйбаларын, ички дареметин толук кандуу колдонууга мүмкүндүк берген компетенциялардын интеграцияланган жыйындысы экендиги түшүндүрүлдү.

**Аннотация:** При определении понятия профессиональной компетентности педагога в данной статье мы опирались на определения, отраженные в работах многих исследователей. Этот шаг разъяснил нам, что профессиональная компетентность педагога представляет собой интегрированную совокупность компетенций, характеризующих профессиональные качества личности, позволяющих осуществлять профессиональную деятельность в естественной профессиональной среде и в полной мере использовать свои знания, опыт и внутренний потенциал.

**Annotation:** When defining the concept of professional competence of a teacher in this article, we relied on the definitions reflected in the works of many researchers. This step explained to us that the professional competence of a teacher is an integrated set of competencies that characterize the professional qualities of an individual, allowing them to carry out professional activities in a natural professional environment and make full use of their knowledge, experience and inner potential.

**Негизги сөздөр:** компетенттүүлүк мамиле, кесиптик компетенттүүлүк, компетент, квалификация, адаптивдүү, конструктивдүү ыкма

**Ключевые слова**: компетентный подход, профессиональная компетентность, компетент, квалификация, адаптивный, конструктивный подход.

**Key words:** competent approach, professional competence, competent, qualification, adaptive, constructive approach.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсүндө кардиналдуу өзгөрүүлөр болуп жатат. Жогорку билим берүүдө өзгөчө мааниге ээ инновация болуп компетенттүүлүк мамилени (компетентностный подход) ишке ашыруу саналат. Компетенттүүлүк мамилесин заманбап коомдун бир жактуу билимдерге гана ээ эмес, кесиптик көйгөйлөрдү чечүү үчүн зарыл болуп саналган көйгөйлөрдү эффективдүү чечүүгө мүмкүндүк берген ийкемдер менен шык-жөндөмдөргө да ээ болгон атаандаштыкка жөндөмдүү адиске (конкурентоспособный специалист) болгон талабына жооп деп түшүнсө болот.

«Педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү жана «мугалимдин кесиптик компетенттүүлүктөрү» деген түшүнүктөр ар кандай илимдердин изилдөө объектиси болуп саналат. Маселен, философияда кесиптүүлүктүн каражатты аркылуу адамдын дүйнөгө болгон көз карашы, кызыкчылыктары жана ынанымдыры калыптанат деген тыянактын негизинде кесиптик компетенттүүлүктөр «болмышка (бытье) ыңгайланышуунун каражаттары катары» каралат. Айтсак, Д.Л. Томпсондун жана Д. Пристилинин изилдөөлөрүндө «кесиптик компетенттүүлүктөр» кесиптик кодекске негизделген жана моралдык стандарттарга ээ болгон, системалуулуктун жогорку денгээли менен айырмаланган билимдердин жыйындысы катары аныкталган [10]. Бул каралып жаткан терминдер билим берүү стандарттарында пайда болгонго чейин эле «компетенттүүлүк», «компетент» ошондой эле алардын натыйжасы болгон «компетенттүү» түшүнүктөрү илимий адабияттарда баштатан эле белгилүү болгон. XX кылымдагы энциклопедиялык басылмаларда «компетенттүүлүк» түшүнүгү 1. конкреттүү оргaндын, кызмат адамынын мыйзам менен аныкталган ыйгарым укуктары; 2. тигил же бул чөйрөдөгү тажырыйба, билим» катары аныкталган [11]. Кесиптик билим берүү сөздүгүндө «компетенттүүлүк» (лат. competens-жөндөмдүү) түшүнүгү белгилүү бир социалдык- кесиптик макамга ээ инсандардын аткарган кызматынын, чечкен маселелеринин татаалдыгына алардын билиминин, талантынын жана тажырыйбасынын шайкеш келүүлөрүнүн ченеми катары аныкталат. «Квалификация» термининен айырмаланып бул түшүнүк инсандын кесиптик билими, жөндөмдүүлүк сапаттарынын сырткары кесиптик милдеттерди, маселелерди (демилгелөө, кызматташуу, бардык нерселерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү, ар кандай нерселерди үйрөнүү, маалыматтар менен иштөө ж.б.) жогорку деңгээлде аткарууга болгон сапатардын пайда болушуна түрткү берүүнүөзүнө камтыйт [1]. Д.Н. Ушаковдун сөздүгүндө«компетенция»: таанып билүүгө, тажырыйбага, абройлуулукка ээ болууну талап кылган маселелердин, кубулуштардын жыйындысы; ыйгарым укуктардын мерчеми; кандайдыр бир нерсеге таандык болгон чөйрөнүн кубулуштарын, маселелерин таануу катары каралган. С.И. Ожегов«компетенция»- бул: кимдир бирөө жакшы кабардар болгон маселелердин топтому; кимдир бирөөлөрдүн укуктары жана ыйгарым укуктары деп белгилейт [7]. «Компетенция», «компетенттүүлүк» категориялары адистин, кесипкөй

адистин сапаттарынын чен -өлчөмүн көрсөткөн категория катары алар педагогикада эмес экономика жана бизнес чөйрөсүндө пайда болгондугун тактап коюу зарыл. «Компетенция» термини эмгек психологиясында илимий ыкманын категориясы катары пайда болуусун Дэвид Мак-Клелландын 1973- жылы чыккан макаласы менен байланыштырат «Testing for Competence Rather Than Intelligence» [14]. Макаланын автору бул термин(компетенция) менен орточо кызматкерден айырмаланган эң мыкты кызматкердин журум- турумун аныктаган. Дэвид Мак-Клеландөзүнүн эмгегинде бирнече окуу курстарын бүткөндүгү тууралуу көптөгөн сертификаттарга, дипломдорго ээ болгон адамдардын бардыгы эле кесиптик милдеттерин так, сапаттуу аткарууга жөндөмдүү кызматкер боло албагандыгын тастыктап,далилдеген. Булизилдөөчү жумуштун эффективдүүлүгүн кызматкердин «компетенттүүлүгү» түшүнүгү менен байланыштырат. Дэвид Мак-Клелландын артынан Уэдерхед менеджмент мектебинин профессору Ричард Бояцис кызматкердин конкреттүү жыйынтыктарга жетүүсүнөөбөлгө болгон эмгек милдеттемелерди эффективдүү аткаруу төмөндөгүүч шартты эске алганда гана ишке ашаарын айткан: а) компетенциялар, б) жумуштун өзүнүн функционалдык талаптары в) уюштуруу чөйрөсүнүн талаптары. Ошол эле учурда Р. Бояцис алгачкылардан болуп компетенциянын түзүлүшү жөнүндө сөз кылган жана анын төмөндөгүдөй үч компонентин болуп көрсөткөн: **табигый, тажырыйбалык жана адаптивдүү (адаптивный).** Табигый компонентке жаратылыштан инсанга берилген базалык сапаттар кирет, тажырыйбалык компонентке билим алган жана эмгектенүү мезгилинде калыптанган сапатарды киргизүүгө болот, ал эми адаптивдүү компоненттер деп адиске жаңы кесиптик чөйрөдө конкреттүү тапшырмаларды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берген сапаттардын жыйындысын айтууга болот. Бизди эң оболу педагогикада жана психологияда кабыл алынган «кесиптик компетенттүүлүктөр» түшүнүгүнүн аныктамалары кызыктырат. Алсак, көптөгөн изилдөөчүлөр бакалавр академиялык даражасынынкесиптик компетенттүүлүктөрүн аныктоодо психолог Джона Равендин концепциясын колдонушат себеби, ал кесиптик компетенттүүлүктүн калыптануу процессинде инсандын баалуулук-мотивдик жактарын бөлүп карайт [8].

Ал кесиптик компетенттүүлүктүн калыптануу процесси «жашоо чөйрөсүнөн» түздөн- түз көз каранды экендигин айтат.. «Жашоо чөйрөсүнө»: үй бүлө, бала бакча, мектеп, жогорку окуу жайы, жумушчу жамаат, микросоциум (достор, тааныштар ж.б.) кирет. Компетенттүүлүк адамдын тукумкуучулук, жөндөмдүүлүк ж.б., биологиялык сапаттары сыяктуу анын «ички дүйнөсүндө» пайда болот, бирок анын калыптануусу объективдүү шарттардан көз каранды. Мындай пикир инсандык ыкма(подход) деп аталган америкалык эмгек психологиясы мектебинин өкүлдөрүнүн көз караштары менен дал келет. Америкалык адистер компетенцияны түшүндүрүүдө KSAO аббревиатурасын колдонушат: билим (knowledge), көндүм, шык (skills), жөндөмдүүлүк (abilities), башка мүнөздөмөлөр (other), эффективдүү, ийгиликтүү ишмердүлүк үчүн зарыл болгон инсандын маңызын ачып берүүдөкесиптик компетенттүүлүктү жүрүм- турумдук өңүттө кароого мүмкүнчүлүк берет. Маселен, E.W. Stewick [12] сыяктуу америкалык изилдөөчүлөр тарабынан «комптенттүү кызматкердин» модели сунушталган анын (моделдин) курамына жогорку окуу жайды бүтүрүүчүнүн төмөндөгүдөй жекече- психологиялык сапаттары киргизилген: өзалдынчалуулугу, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, өсүп- өнүгүүгө далаалат кылуу, тартиптүүлүк, коммуникативдүүлүк. Мындан сырткары бир нече изилдөөчүлөр демилгелүүлүктүн жогорку деңгэлин, уюштуруучулук жөндөмдүүлүктү, коюлган максатты

иш жүзүнө ашырууга адамдардын башын бириктирүүнү, багыттоону ошондой эле өзүнүн иш- аракеттеринин социалдык натыйжаларын анализдөөгө, баалоого болгон даярдыкты өзүнө камтыган «жогорку компетенттүүлүк» деп аталган категорияны сунушташат. Бул маселе Британиялык эмгек психологиясы мектебинин өкулдөрү функционалдык көз карашты карманышат себеби, кесиптик компетенттүүлүк «жумушту аткаруу стандартарына ылайык иш алып баруу жөндөмдүүлүгү» катары түшүндүрүлөт. Бул көз караш коюлган милдеттерди жана алынатурган жыйынтыктарды алдын ала божомолдоого негизделген ишмердүүлүктүн стандартына орчундуу көнүл бурулган. Баса белгилей кетчү нерсе, аткарыла турган ишмердүүлүктүн маңыздык элементтерин аныктоо бул илимий пикирде башкы маселе болуп саналат.

Т.Е. Исаеванын, А.Н. Рубаниктин изилдөөлөрүндө европа өлкөлөрүндөгү компетенттүүлүк ыкманын методологиялык жагдайлары анализге алынат. Тагыраак айта турган болсок Францияда компетенттүүлүктү иликтөө АКШ жана Британияга салыштырмалуу кечирээк башталган, дал ошол себептүү ал көп кырдуу жана ар тараптуу болуп саналат. Бул көз карашка ылайык компетенттүүлүктү иликтөөүчүн төмөндөгү элементтерди бөлүп карай башташкан: билим (savoir и connaissance), тажырыйба (savoir faire или savoir agir) жана жүрүм- турум мүнөздөмөлөрү (savoir eˆtre or la faculte´ de s'adapter) [5].

Немецтик билим берүү системасында 1996-ж., жекече- багыттуулук мүнөзүнө ээ жана «ишмердүүлүктүн компетенциясы» деп аталган илимий көз караш кабыл алынган. Бул айтылган көз караш предметтик (Fachkompetenz) жана кесиптик (Handlungskompetenz) компетенциялар менен бир катарда инсандык (Personalkompetenz) жана социалдык (Soziaekompetenz) компетенцияларга көңүл буруу менен айырмаланат. Бул жерде «билимдердин үзгүлтүксүз жаңыланып турушун камсыз кылган эффективдүү технологияларга ээ болгон мета- комтетенцияларга тең- тайлаш окутуунун жалпы компетенциялары (Handlungskompetenz) болуп каралган. Айтылган бул система өз кезегинде бүгүнкү күндө Германияда жогоруда айтылган компетенцияларды колдонууда жалпы формага ээ болгон 350 кесиптик багыттарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берди. А. Стуфдун, Р.Л. Мартенсдин, Дж.Дж. Ван Мериенбоердин пикирлери боюнча компетенттик илимий көз караштын өнүгүүсүндө конструктивдик (constructivist approach) ыкманы колдонуу чоң мааниге ээ болду

Бул көз караш компетенцияга арналган, бири -бирин толуктаган бир нече аныктамаларды колдонуу мененалтүшүнүктү «идеалдуу»чечмелөөнү сунуштайт, башкача айтканда конструктивдүү ыкма конкреттүү компетенцияны түшүндүрүүдө белгилүү бир турмуштук кырдаалкөнүл борборунда туруш керек дейт. Андан сырткары, конструктивдик ыкманы колдонууда «конкреттүү бир кырдаалдарда колдонуу үчүн жогорку билим алуунун натыйжасында калыптанган компетенцияларды айтылган жагдайларга толук шайкеш келбеген учурларда колдонууну» аныктаган «алыска которуу» (дальный перенос), (far transfer) түшүнүгү киргизилген, бул өз кезегинде технологиялардын, эмгек шарттарынын жогорку темпте өнүгүүсү менен шартталган компетенциялардын бат- баттан өзгөрүүлөрү менен «күрөшүүгө» мүмкүндүк берет. «Конструктивдик алдын ала байкоо, көрүү» адамдарга чоочун, бейтааныш кырдаалдарда маселелерди чечүүүчүн өздөрүнүн билимдерин, тажырыйбаларын колдонууга жардам берет [9].

Россиялык педагогикада дагы кесиптик компетенттүүлүк түшүнүгү боюнча бирдей ой- пикирлер жокко эсе. Илимий эмгектердин басымдуу бөлүгүндө кесиптик компетенция

түшүнүгүн чечмелөөдө окумуштуулардын эки көз караштыкарманаары белгилүү. 1) инсандык- ишмердүүлүк (личностно-деятельностному) (Т.Е. Егорова, Т.Д. Колябина, Н.В. Кузьмина, А.К. Маркова, Н.В. Мятяш, А.И. Пискунов, О.М. Шиян, Н.В. Яковлева и др.), деп аталган көз карашка ылайык кесиптик компетенттүүлүктү инсандын жаңы билимдерге ээ болуусу катары түшүнүү абзел. 2) экинчи көз карашка ылайык (Л.И. Анцыферова, Д.Н. Завалишина, И.Г. Климкович, В.В. Косарев, Н.Н. Лобанова, Е.Ф. Рыбалко ж.б.) кесиптик компетенция билимдин, чеберчиликтин, адатка айланган ишмердүүлүктүн жыйындысы катары түшүндүрүлөт. Алсак, А.К. Макарова компетенцияны кесиптин талаптарына жооп беретурган сапаттардын мүнөздөмөсү катары карайт, албетте мындай көз караш туура себеби, бүгүнкү күндөгү билим берүү стандарттарынын талабы ар бир кесиптик ишмердүүлүккө шайкеш келген кесиптик компетенцияларды калыптандыруу жана ал негизги максат болуп саналат А.К. Маркова кесиптик компетенциянын курамына төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөрдү кошот: коомдук, социалдык, атайын, инсандык жана субъектик себеби, булар инсандын мотивциялык, рефлекстик чөйрөлөрүндө орун алган**.** Мындан сырткары, Л.И. Анцыферова, И.О. Колесникова, Н.В. Кузьмина, А.К. Маркова сыяктуу окумуштуулар тарабынан бүгүнкү күндө адамдын өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жогорку деңгээлде иш жүзүнө ашырууга болгон аракети менен өнүгүүгөөзүнүн параметрлерин тануулаган мезгил ыргагынын ортосунда дал келбөөчүлүктүн бар экендигин бирнече жолу айтылган. Т.Г. Браженин оюу боюнча кесиптик компетенцияны өзүнө билим, шык, талант, тажырыйба, жөндөмдүүлүк, ишмердүүлүккө болгон ынтызаарлыкты, баалуулуктарга негизделген багыттарды жана өзүнө, өзүнүн кесибине, ар кандай билимдердин айкалышкан чөйрөсүнө ылайыкстиль, баарлашуу, сүйлөө ыкмасы сыяктуу интеграцияланган маданияттын көрсөткүчтөрүн камтыган система катары кароо абзелирээк**.**

Н.И. Запрудский кесиптик компетенттүүлүктү белгилүү бир деңгээлде кесиптик милдеттерди аткарууга мүмкүнчүлүк түзгөн инсандын кесиптик маанилүү сапаттарын камсыздаган билим, шык, тажырыйба жана жогорку даражада аткарылуучу иш аракеттердин системасы катары карайт [4].

А.А. Вербицкий белгилегендей кемпетенттүүлүктү билимге, тажырыйбага, жогорку деңгээлде аткарылуучу иш аракеттерге (жогорку деңгээлдеги даярдыкка, багыттуулукка, маалыматтулукка, укуктуулукка, эффективдүүлүккө) ээ болуунун натыйжасында пайда болгон инсанды мүнөздөөчү (касиетти, инсандын сапаттары, анын компоненти), инсандын калыптануусуна таасир берүүчү сапаттуу билим, инсанга тиешелүү касиеттердин системасы, сапаттарды жөнгө салуучу система катары түшүнүүгө болот, көпчүлүк учурда компетенттүүлүктү жөн эле билим жана тажырыйба менен бир катарда карашат» [3].

Педагогдун кесиптик компентенттүүлүгү түшүнүгүн аныктоодо биз көптөгөн изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде чагылдырылган аныктамаларга таяндык. Мындай кадам бизге педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү - бул инсандын кесиптик сапаттарын мүнөздөгөн, табигый кесиптик шарттарда кесиптик ишмердүүлүктү жемиштүү иш жүзүнө ашырууга жана өз кесибинде өзүнүн алган билимин, тажырыйбаларын, ички дареметин толук кандуу колдонууга мүмкүндүк берген компетенциялардын интеграцияланган жыйындысы болот деп түшүндүрөбүз. Универсалдык жана кесиптик компетенцияларды колдонуунун зарылдыктарын белгилөөдө кесиптик компетенциялар студенттерди кесиптик даярдоодо негизги жыйынтык болуп, алар педагогикалык кызмат көрсөтүү рыногунда адистердин атаандаштыкка туруштук берүү жөндөмдүүлүгүн аныктай жана кесипкөй –

инсандык сапаттарды чагылдырат. Ушундан улам, биз келечектеги окутуучу мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн структурасынын негизин кесиптик компетенциялар түзөт деп корутунду чыгара алабыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Болотов, В.А. Компетентностная модель: от идеи к образовательной программе / В.А. Болотов, В.В. Сериков // Педагогика. - 2004. - No 10. - С. 8-14.
2. Браже, Т.Г. Профессиональная компетентность специалиста как многофакторное явление / Т.Г. Браже. - Л.: НИИ ОВ, 1990. – 237 -б.
3. Вербицкий, А.А. Инварианты профессионализма. Проблемы формирования: монография / А.А. Вербицкий, М.Д. Ильязова. - М.: Логос, 2011. - 288 с.
4. Запрудский, Н.И. Компетентностный подход и возможности его реализации на старшей ступени школы / Н.И. Запрудский // Столичное образование сегодня. – 2006. – No 2 – С. 13–19.
5. Исаева, Т.Е., Рубаник, А.Н. Становление компетентностного подхода в ведущих зарубежных странах [Электронный ресурс] / Т.Е. Исаева, А.Н. Рубанок. / Ростовский государственный университет путей сообщения. - Режим доступа: http://www.t21.rgups.ru/doc2011/1/04.doc.
6. Маркова, А.К. Психология профессионализма / А.К. Маркова. - М.: Изд-во МГУ, 1996. – 432-б.
7. Ожегов, С.И. Толковый словарь русского языка / С.И. Ожегов. - Российская АН. - 3-е изд., стереотипное испр. и доп. - М.: 2005. - 928 с.
8. Равен, Дж. Компетентность в современном обществе: выявление, развитие и реализация / Дж. Равен. - М.: Когнито-Центр, 2002. - 396 с.
9. Стуф, А. Что есть компетенция? Конструктивистский подход как выход из замешательства [Электронный ресурс] / А. Стуф, Р.Л. Мартенс, Дж. Дж. ван Мериенбоер / перевод с англ. - Режим доступа: http://www.ht.ru/press/articles/print/art 26.htm.
10. Томпсон, Д.Л. Социология: пер. с англ. / Д.Л. Томпсон, Д. Пристли. - М.: АСТ, Львов: Инициатива, 1998. - 280 с.
11. Ушаков, Д. И. Толковый словарь русского языка: в 4 т. Т.1 / под. ред. Д.И. Ушакова. - М.: 1935. - 284 с.
12. Хакен Г. Тайны природы. Синергетика: учение о взаимодействии. – Москва – Ижевск: Институт компьютерных исследований, 2003. – 320 с.] и J.M. Merill [Merill, J.M. Onsite staff. San-Fransisco / J.M. Merill. - Cambridge University Press, 1977. - 234 p.
13. Шапошников, К.В. Контекстный подход в процессе формирования профессиональной компетентности будущих лингвистов-переводчиков: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.08 / Шапошников Константин Владимирович. – Йошкар-Ола, 2006. – 26-б.
14. McClelland, David C. Testing for competence rather than for "intelligence." American Psychologist // 1973. Vol 28(1). P. 3.

**References:**

1. Bolotov, V.A. Competent model: from idea to formative program / V.A. Bolotov, V.V. Serikov / / Pedagogy. - 2004. - No. 10. - p. 8-14.

2. Brazhe, T.G. Professional competence specialist as a multifactorial expression / T.G. Brazhe. - L.: Research Institute, 1990. - P. 237.
3. Verbitsky, A.A. Invariant professional. The problem of formation: a monograph / A.A. Verbitsky, M.D. Ilyazova. - M.: Logos, 2011. - 288 p.
4. Zaprudsky, N.I. Competent approach and the elevation of its implementation at the senior school level / N.I. Inquiry / / Metropolitan education visits. – 2006. - No, 2-Cool. 13-19.
5. Isaeva, T.E. Rubanik, A.N. The formation of a competent approach in leading foreign pages [Electronic resource] / T.E. Isaeva, A.N. Rubanok. / Rostov State University of Railway Transport. Contacts: http://www.t21.rgups.ru/doc2011/1/04.doc
6. Markova A.K. Psychology of professionalism / A.K. Markova. - M.: MSU Pathway, 1996. - Page 432.
7. Ozhegov, S.I. Explanatory dictionary of the Russian language / S.I. Ozhegi. - Russian AN. - Search 3rd, stereotypical ispr. and Dopp. - M.: 2005. - 928 P.
8. Raven, J. Competence in modern society: identification, development and implementation / J. Raven. - M.: Cognitive Center, 2002. - 396 P.
9. Stuf, A. What is competence? Constructivist approach as a way out of dating [Electronic resource] / A. Stuf, R.L. Martens, J. J. van Merienboer / translated from English. Contacts: http://www.ht.ru/press/articles/print/art 26. invitation
10. Thompson, D.L. Sociology: translated from English / D.L. Thompson, D. Priestley. - M.: AST, Lviv: Initiative, 1998. - 280 P.
11. Ushakov, D. I. Explanatory dictionary of the Russian language: in 4 vols. Vol.1 / pod. ed. by D.I. Ushakov. - M.: 1935. - 284 p.
12. Haken G. Secrets of nature. Synergetics: Learning about interaction. - Moscow-Izhevsk: Institute of Computer Research, 2003. - 320 S. M.Merrill [Merrill, J. San Francisco / J.M. Merrill. - Cambridge University Press, 1977. - 234 p.
13. Shaposhnikov, K.V. Contextual approach in the process of formation of professional competence of future linguists-translators: abstract. dis. ... blood. pedagogical sciences: 13.00.08 / Shaposhnikov Konstantin Vladimirovich. - Yoshkar-Ola, 2006. - 26 p.
14. McClelland, David S. not for "intelligence", but for competence testing."American Psychologist // 1973. Volume 28 (1). Item 3.

УДК 37
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2021-2(2)-82-87

**Мадиева А.М.**

И.Арабаев атындагы КМУ, Табигый-математикалык дисциплиналар кафедрасы, ага окутуучу

**Мадиева А.М.**

Старший преподаватель, кафедра естественно-математических дисциплин
КГУ им. И.Арабаева

**Madieva A.**

Senior Lecturer, Department of Natural and Mathematical Disciplines, I. Arabaev Kyrgyz State University